УДК 94(575.2)

Канаева Ш.К.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ТҮНДҮК КЫРГЫЗСТАНДЫН РОССИЯГА КОШУЛУУСУНДАГЫ БОРОНБАЙ МЕҢМУРАТ УУЛУНУН РОЛУ (XIX-КЫЛЫМ)

Тарыхта нечен эл чабылып, чачылып, жок болуп кеткен, кайсы бири уланып, куралып, калыптанып бүгүнкү күнгө жеткен. Тышкы баскынчылыктын, ички кагылыштардын кесепетинен Орто Азиядагы канча бир чоң мамлекеттердин дайыны жок. Ал эми кыргыздар чапкынчылардын кыйратканына, бүлүнткөнүнө карабастан, боштондук кыймылдын туусун көтөрүп, өз бетинче эл болуп, мамлекет болуп жашап калды. Өткөндөгү ар бир залкар саясий ишмер кийинки адамдардын эсинде кандайдыр бир легенда болуп сакталат. Образы мындай легитимизацияланган инсандын бири – XIX к. биринчи жарымында жашап өткөн бугу уруусунун башкы манабы Боронбай Меңмурат уулу.

Ал - өз элинин камкор, көсөм жетекчиси, ар кандай саясий-согуштук иште алысты көрө билген кылдат стратег, ири демократ. Кыргыз элинин тагдырында саясий маанилүү, тарыхый бурулуштуу окуялар дал XIX кылымдын ортосуна туура келип, мезгилине жараша, заман өзүнүн улуу инсандарын тарых айдыңына алып чыккан. Ал замандагы орчундуу окуялардын чордонунда турган Боронбай тууралуу атайы тарыхый изилдөөлөр ушул  мезгилге чейин аз санда. Боронбай Меңмурат уулу – XIX кылымдын көрүнүктүү саясий ишмер, чыгаан кыргыз эл башчысы. Боронбай XIX кылымдын 40-50-жж. кыргыз элинин коомдук-саясий турмушунда көрүнүктүү роль ойноп, бий деген атакка жеткен. Ал XIX к. 20-ж. баштап көркөмү көз талдырган кыргыз бермети Ысык-Көлдү жердеген бугу уруусун башкарган. Теги Тагай бийдин урпагы Боронбай Меңмурат уулу 1770-ж. туулуп, 1858-ж. кайтыш болгон. Анын атасы Меңмурат бий уруулаштары менен XIX к. биринчи жарымында калмак чапкынынын натыйжасында Фергана чөлкөмүнө сүрүлүп, болжолу, байыркы Ата-журту Ысык-Көлгө 1774-ж. кайтып келишкен. Оош-кыйыш заманды өз көзү менен көргөн Боронбай жаш чагынан эле чыйрак чыгып, турмуштун татаал сыноолоруна такшалган. Эл башкаруунун татаал сырларын, эл-жердин бейпилдиги, коопсуздугу жана келечеги үчүн тарыхый кырдаалга жараша аракет кылуу башка элдер менен байланышууда элчилик өнөрдү өздөштүрүүнү аталаш агасы, бугулардын чоң бийи Бирназар бийден мурас катары алган. Өз доорунун чыгаан инсандары Ормон хан, Жантай, Жанкарач, Алымбек датка, Боронбайдын замандаштары болгондуктан, кандайдыр бир деңгээлде Боронбайдын коомдук-саясий ишмердүүлүгүнө өз таасирлерин тийгизген. Боронбай бий Бугу уруусунун улуу манабы болуу менен, өзүнүн адамдык сапаты бийик, элинин камын көргөн чарбалык, ыйык Ата-Журтун тышкы душмандардан коргоого жарамдуу эпчил, кыраакы саясатчы, дипломат болгонун тарыхый маалыматтар баяндап турат.

Көрүнүктүү тарыхчы Т.Өмүрбеков өз изилдөөсүндө: «Боромбай кеп–сөздү баалай билген, нукура элдик каада-салттарды, адат-наркты бекем сактаган, өзү да кыргыздын макал–лакап, нарк, нускасын, нускалуу, накыл, насаат сөздөрүн айта жүргөн, санжыра, уламыш, баяндарын кары-жаш экенине карабай жакшылап үйрөнүүгө үндөгөн, орундуу сүйлөгөн, жупуну жашоосу, жүргөн-турганы, кулк-

мүнөзү менен элине үлгү болгон инсан» катары жазган.[1]

«Манап Боромбайдын ак өргөөсү бош тургандай туюлат, керегенин жанында топтолгон кийиздер бухаралык жөнөкөй кездемелер капталган жууркандар жыйылып турат, алардын кырында кытайлык шайыдан жасалган жаздыктар жатат. Жыгач сүзгү, чөмүчтөр, кымыз толо куюлган чаначтар, жергиликтүү усталар колго жасалган аяк, табактар, казандар көрүнөө жерден орун алган. Спарталардыкындай турмуш жана боз үйдөгү боштук-кыргыздар өздөрү айткандай, алардын байыркы адаты», - деп окумуштуу Ч.Валихановдун жазганы ири уруу бирикменин бийи болгонуна карабастан, Боронбайдын карапайым калк сыяктуу жупуну жашоо өткөргөндүгүн күбөлөйт.

Боронбай мал чарбачылыгын кесип кылган көчмөн элдин келечегин ойлоп, аларды дыйканчылыкка үндөп, орус дыйкандарынын өнөрүн, алдыңкы саамалыктарын үйрөнүп, биринчилерден болуп Ысык-Көлгө жер айдатып, кош чыгарып, арпа септирип эгин эктирген, мөмө-жемиш бактарын тиктирген. Жайкысын Каркыра жайлоосун жайлап, Россиядан, Кытайдан өткөн кербендердин соодагерлери менен алыш-бериш кылган.

XIX кылымдын 20-30-жж. баштап Ысык-Көл аймагына өз таасирин таратууга, эгер мүмкүнчүлүк болсо, басып алууга шаймашай болгон тышкы күчтөрдүн коркунучу күч алган. Булар Цин империясы, Кокон хандыгы, канатташ жашаган улуу жүз казактары эле. Кыргыз урууларынын ичиндеги чыр-чатактар тыйылбай турган мындай каргашалуу кырдаал, замандын талабына жараша, кылдат саясатты, кыраакы дипломатиялык ишмердүүлүктү талап кылган. Боронбай бийде өз элин кыргыздардын ички уруулук согуштарынан сактап калуу эмес, аны менен бирге тышкы коркунучтардан коргоо милдети турган. XIX к. 50-жж. бугу менен сарбагыш уруусунун ортосундагы чыр-чатактын күчөп кетиши, Кокон хандыгынын ачык кысымы Боронбай бийдин чечкиндүү кадамдарга барышын тездетти. Кандай гана кыйын кырдаал болбосун, бугу уруу бирикмесинде элдин пикири чоң мааниге ээ болгон. XIX кылымдын 40-ж. башында эле орус мамлекети менен болгон мамилелер туу чокусуна жетип, Боронбайдын Россиянын курамына кирүү жана анын камкордугунда элинин коопсуздугун сактоо максатын көздөп, бул тууралуу эл менен кеңешип алардын пикирин угуу максатында жыйын курат. Боронбайдын XIX кылымда Россияга кошулуудагы чечкиндүү кадамы өз учурундагы өтө маанилүү, келечектүү саясий жүрүш катары бааланган. Муну менен ал үч утушка жетишкен. Биринчи, Цин империясынын, казактардын, Кокон хандыгынын кысымынан кутулган. Экинчиси, кыргыз жерлерине орноткон чеп коргондорун талкалап. Кокон сарбаздарын сүрүп чыгып, кыргыздар өз жерлерине өздөрү ээ болгон. Үчүнчүсү, мыкты куралданган, аскердик тактикасы кучтүү, армиясы бар Россияга өз эрки менен кирип берип, элин алааматтан сактап калган.[2]

Боронбай тууралуу өз заманындагы саясатчы, саякатчылар да, кийинки тарыхчылар да калыс пикирлерин жазып калтырышкан. Алсак, казак элинин улуу окумуштуусу, саякатчы Ч.Валиханов аны менен жолукканында келечекти көрө билген манапка баа берип, Боронбайдын сөзмөр, акылдуу чеберчилигине таң

[1] Өмүрбеков Т.Н. Улуу инсандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу жана орду. (XIX-XX кк.). - Б., 2003.

[2]Э. Турсунов Боронбай. -Б., 2003.

калган. Ал көл өрөөнүнөн Боронбайга көп кезигип, сүрөтүн тартып калтырган.[3]

Эгерде Ч.Валихановдун айтканы боюнча, Боронбай султан 1856-жылы 75 жаштын ары жагындагы инсан болсо, анда ал ошол учурда 78 жашка келген. Демек, анын туулган жылы 1778 -жылга туура келет.

Боронбай султан тарых алдында, азыркы, кийинки муундагы жарандарыбыздын алдында эли, жери үчүн өз доорундагы аткарган вазийпасы, өтөгөн кызматы, эбегейсиз эмгеги эскирбей, өзүнүн татыктуу ордун табат деген ойдобуз. Ал кандай болгон учурда да, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн пайдубалын түптөшкөн кыраакы саясатчы, кылдат жол башчы, калкына камкор журт атасы бойдон кыргыз элинин, Ысык-Көлдү мекендегендердин эсинде түбөлүккө калары шексиз. Эң негизгиси, көчмөн элибиздин бүгүнкү цивилизацияга аралашып, жуурулушуп кетишине өбөлгө түзгөндүгүндө. Бир сөз менен айтканда: «…Боронбай барда жер тегиз, мал семиз, төл эгиз, эл деңиз эле…». Буга бир нерсе деп толукташ да кыйын. Кыргыздын XIX к. прогресс үчүн күрөшкөн инсан катары ал улам кийинки муундарды сыймыктандырып, элеси кала бермекчи.

Адабияттар:

1. Өмүрбеков Т.Н. Улуу инсандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу жана орду. (XIX-XX кк.). -Б., 2003.
2. Турсунов Э. Боронбай. -Б., 2003.
3. Каниметов А.К., Турсунбаева З.А. Боронбай Меңмурат уулунун XIX кылымдагы коомдук саясий ишмердиги.

[3] Каниметов А.К., Турсунбаева З.А. Боронбай Меңмурат уулунун XIX кылымдагы коомдук саясий ишмердиги.